КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясынын
ТОКТОМУ

25 - февраль 2026-жыл №10 Казарман айылы

“Тагай” участкасындагы таштанды төгүүчү жайдын бүгүнкү күндөгү абалы, тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматын угуу

Каргалык айылдык кеңешинин алдындагы “Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасы Ясынов Шабдан Болотовичдин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат**:

1. “Тагай” участкасындагы таштанды төгүүчү жайдын бүгүнкү күндөгү абалы, тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматы угулгандыгы эске алынсын.
2. Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Казарман айылынын Күн чыгыш тарабына жаңы таштанды төгүүчү жай ачуу боюнча Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдар менен 1-июль 2026-жылга чейин иш алып баруу жана жаңы полигон ачуу жагы Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М.Ж.Олжотоевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомду көзөмөлдөө “Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин.

Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы **Т.И.Токтоболотов**